84/14

Майрам Жоош кызы

# КАРА ТООЛУК КЫРГЫЗДАР



Майрам Жоош
кызы Мусурманова

# КАРАТООЛУК КЫРГЫЗДАР

*Санжыра*

Экинчи китеп

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАДАНИЯТ МААЛЫМАТ ЖАНА ТУРИЗМ
МИНИСТРЛИГИ
БАТКЕН ОБЛУСУ
БАТКЕН ОБЛУСТУК
КИТЕПКАНАСЫ
МИНИСТЕРСТВО
КУЛЬТУРЫ ИНФОРМАЦИИ И ТУРИЗМА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНН 00909201410021
№
город БАТКЕН шаары

«Бийиктик»
Бишкек-2007

УДК 821.51
ББК.84 Ки 7-5
М 80

*Китебимдин басылышына өз салымдарын кошкон Сахилерге: Миграциялык фондунун башчысы **Бараканова Салтанатка** жана анын жамаатына талдылык атуул **Темирова Алишерге,** секисайлык неберем **Сапар Рахмановго,** ошондой эле нускалуу байбичелер **Улукбек кызы Камбарайга,** Эл агартуунун **отличниги Бухадича Абдулазизовага (Манак), Урматай** байбичеге (Сүрүнчөк), **Кызылай** байбичеге (Абай), **Нурсулуу** байбичеге (Кутуке) өз ыраазычылыгымды айтам. Ошондой эле И. Арабаев атындагы университеттин тарых, түрк тилдеринин окумуштууларына өз алкышымды билдирем.*

*Автор.*

**Мусурманова Майрам Жоош кызы.**

М 80 **Каратоолук кыргыздар:** Санжыра. – Б: «Бийиктик», 2007, 52 б.

ISBN 978-9967-24-021-6

Бул санжыра китебимде өздүгүн, үмүтүн, үрп-адатын миң жылдап унутпаган кыргыз эли жөнүндө баяндадым. Алардын улуу санжырасы, басып өткөн узак өтмүшүн Балыкооз атабыз 3000 жылга жеткире айтып кеткен. Ал санжырага өзүмдүн санжырамды, мусулман, казак Али Яздинин санжыраларынан иликтеп кыргызга жакынын алдым. Бул Өзбекстанда жашап, кийинчерээк Теңир тоого көчкөн урууларды, баатыры, илимдүүсү, мыктылары, жөнөкөйү жөнүндө бир гана баян. Дагы алдыда Каратоолуктар жөнүндө көп жыл изденген окурман таразасы турат. Элиме жакса мен ыраазымын.

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

М 4702300200-07
ISBN 978-9967-24-021-6
© Майрам Жоош кызы., 2007.

# АЛГЫ СӨЗ

Байыркы кыргыз мурастарында өз урпактарынан баатырдыкты, зээндүүлүктү, акылгөйлүктү жана ата салтын, тарыхын жадыбалдай жатка айткан куйма кулак чыгаан уулдардан болуусун талап кылып келиши, бул элдин келечеги экендигин азыркы мезгил да толук далилдөөдө. Бекеринен түптүү кыргыз оолаты: «Жети атасын билбеген кул болот» – деп айтпаса керек. Бирок Теңир сүйгөн кыргыз элимдин уучу дале кур эмес экен. Биз буга күбө катары кыргыз бабаларыбыздын баскан жолдорун түрө кыдырып, көзү менен көрүп, тарых булактарын изилдеп, кыргыздын оозеки санжыраларын иреттөөгө аракет кылган Майрам Жоош кызынын эмгектерин айта алабыз. Көп жылдык өмүрүн кыргыз тарыхы менен байланыштырган Майрам Жоош кызынын эмгектери чынында кыргыз тарых илимине жаңы табылгалардын, ойлордун булагы катары олуттуу салым кошуу менен бул илимде өзүнүн татыктуу ордун тапмакчы. Бул эмгектин Каратоолук кыргыздар деп аталышы да илимге кызыктуу багыт берип турат. Автор кыргыздардын орчундуу бөлүгү мындан 3 миң жылдан бери карай Улуу Теңиртоо же Каратоодо жашап келген деген оюн кеңири белгилейт. Каратоо окумуштуулар арасында ар кандай ойду жаратса, автор аны Сырдын түштүк жээгиндеги тоону Каратоо деп атап, башаты Кадамжайдагы, Ноокаттагы Улуу тоодон башталып Лейлек, Кожентten өтөөрүн ишенимдүү көрсөтөт. Майрам Жоош кызы ушул эле эмгегинде кыргыздын байыркы эл экендигин дагы бир жолу бекемдөө менен кыргыздардын азыркы жашаган жерине кийин көчүп келген деген ойлорду толук

жокко чыгарып, кыргыздар Теңиртоо жана Каратоо аймактарында 3 миң жылдан бери жашап келген, түрк элдеринин эң көөнөсү, атасы кыргыз деген оюн ортого салат. Ошол эле учурда «Манас» эпосуна байланыштуу жер аттарына да токтолуу менен азыркы Өзбекстандагы Сыр боюндагы кыргыздын кыргыз тарыхын жазып калтырууга кылган аракети кыргыз тарыхы үчүн өтө чоң салымдардын бири деп бааласак болот. Анткени өзбек мамлекетиндеги кыргыздардын тарыхы боюнча кыргыз тарыхчылары тарабынан изилдөөлөрдүн жөнгө салынбашы андагы кыргыз элинин гана эмес, элдин эсинде калган баалуу маалыматтардын бара-бара жок болушуна алып келүүдө. Ал эми кыргыз элинин келип чыгыш тарыхын, өнүгүшүн изилдөөдөгү негизги булактардын бири, албетте, санжыра болсо, Майрам Жоош кызынын анын үстүндө терең изилдөө иштерин жүргүзүүсү ошондой эле иретүүлүккө, же бир калыпка салууга жасаган аракети, ага жумшаган өмүр жашы, кеткен күч-эмгеги, албетте, тарыхчыларды жоопкерчиликке түртүү менен кыргыз тарыхын карапайым элдердин арасында жайылтууда эң жөнөкөй жана жеткиликтүү жолдордун бири болмокчу.

Ошондуктан бул эмгектин авторуна мындан ары да талыкпас эмгектерди каалап, кыргыз элине керектүү чыгармалардын тубаса булагына айланып, окурмандар чөйрөсүндө татыктуу оорунга ээ болушуна чын жүрөктөн тилектеш болмокчубуз.

*Кубатбеков Эсенбек Масылканович,*
*тарыхчы*

* * *

Бүгүнкү күндө Кыргызстанга 20000ден ашуун этникалык кыргыз көчүп келди. Алардын дээрлик көпчүлүгү Тажикстандан жана Өзбекстандан келишкен.

Арийне, боордошторубуздун тарыхый мекенине көчүп келүү себептери, алардын турмуш тиричилиги, өз ара мамилелери туурасында көптөгөн маалымат каражаттарында кеңири чагылдырылып жүрөт. Бирок сиздердин назарыңыздарга сунушталып жаткан Майрам Жоош кызынын маалымат публицистикалык чыгармасы «Каратоолук кыргыздар» деген ат менен ар жерде таруудай чачырап элине кошулсам деген кыргыздардын, анын ичинде Өзбекстандын Жызак облусунда жашагандардын мүдөөсүн, ой-толгоосун, өткөн тарыхын жана келечекке болгон үмүтүн толук камтыган.

Бул китеп 20-кылымдын акыркы жылдарында, Кыргыз Республикасы өз алдынча эгемендүү мамлекет болгондон баштап Ата Журтуна кайтып, келечек муундарынын тагдырын өз эли менен бирге болушун тилеп, эне тилин, маданиятын сактап калайын деген этникалык кыргыздардын Кыргызстанга көчүп келип, жакшы жашап кетишине, аларды кыргызстандыктар түшүнүү менен кабыл алып бир тууганды й батырып алуусуна чоң өбөлгө түзүүгө багытталган. Анткени автор ошол көчтүн түз катышуучусу, Майрам эже Кыргызстандын Баткен облусунда туулуп өсүп, өзбекстандык кыргыз жигитке турмушка чыгып, Жызактан Кыргызстандын Чүй бооруна көчүп келгенине кыйла убакыт болуп калды. Билими боюнча Майрам эже педагог, бирок жазуучу-журналист катары эл ичинде белгилүү.

Кыргыз Республикасынын Миграция жана жумуштуулук боюнча мамлекеттик комитетинин алдындагы Миграция фонду чет өлкөлөрдө жашаган

жана тарыхый мекени Кыргызстанга көчүп келип жатышкан кыргыз улутундагы адамдарга көмөк көрсөтүү максатында иш аракет жасайт.

Майрам Жоош кызы Миграция фондусунун иштерине активдүү катышып өз мекендештерине колунан келген жардамын аябайт. Бул чыгарманын жаралышы «Кайрылман» Мамлекеттик программасынын максатына туура келет, анткени жаңы конушка келген адамдардын элге сиңип, кадыр-баркка ээ болуп жашап кетиши мамлекеттин приоритеттүү багытына кирет. Ошол себептен Миграциялык фонд китептин чыгышына өз салымын кошту. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясына, Маданият министрлигине ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

*Салтанат Бараканова,*
*Кыргыз Республикасынын Миграция жана жумуштуулук боюнча Мамлекеттик комитетинин алдындагы Миграция фондусунун директору.*

## ТАРЫХ БАРАКТАРЫНДА

Көөнө тарых беттерин барактасак, түркий элдердин эң көөнөсү кыргыз эли экени белгилүү. Улуу тарыхчы Н.Я.Бичурин (монах-Иоканиф) 14 жыл Пекинде провославия чиркөөсүн башкарган. Ал байыркы дүйнөлүк тарыхтын летописттерин аныктап «гегунь, гяньгун, кигу, гегу, хегусу, хяшясы» ушул тамгаларды тапкан. Биринчи «гегунь» деген аталманы – Сымы Ценя (биздин эрага чейин II кылымда) гундардын Монголиядан Памир тоолоруна чейин созулган жерлердеги башка урууларды басып алганын жазат. Кытай императору У-ди өзүнүн кол башчысы Фран Цяньды гундардын жерин билип келүүгө жөнөтөт. Ал генерал (пленге) колго түшүп, гундарда туткунда он жыл калып кетет. Өзүнүн күндөлүк (летопись) жазмасында Давань (Фергана) чоң юечжи, Дасе (Бахтрия) Канн-Гюй батыш гундардын (гегун) мамлекетин жазат. Жүргөн жеринде элдин согуш күч куралдарын жазып, байкап жүргөн. Он жылдан кийин Кытайга барган. Дагы бир кытай булактарында Бань Гу «Хань Шу» (история ранней династии хань) күндөлүгү 70 бөлүмдөн турган. «Жизни описание чень Тана-В-ки» (материалы по истории сюнму по китайским источникам. Перевод В.С. Паскинот. М., 1973 с, 133). Дагы бир жеринде Эрши ханынын генералы Ли Гуанли, Даван мамлекетин жоолап, хан Угунун башын кесип, 30дай эң жакшы аттарынан алып келет, 50 миң аскери жок болот.

Чыгыш Түркстан, Тяньшань (усунь Кангюе) элдери (хун хягас) (геген) жөнүндө көп баалуу маалыматтарды берет. Демек, байыркы көөнө тарыхта башка түрк элдери менен бирге өзгөчө көзгө көрүнгөнү кыргыздар экен. Биздин эра I кылымдан VI кылым-

га чейин башка түрк элдери менен катышып, «Түрк каганатын» негиздеген. Бул жөнүндө «Истории династии Суй», «Истории династии Тан» деген булактарда хягяс (кыргыз) аталмасын, анын мамлекетин Энесайда, Түштүк Памирде, Давань мамлекетинде, Эршиде кеңири берген. Сөзүмдүн негизи катары Бичурин сактардын түбү скифтердин түбү ун (хун гундар) экенин кытай булактарын үйрөнүп ушул аныктамага келет. Дагы бир тарыхчы Геродот болсо сактар «шоңшогой кийиз калпак, шалбар кийген» дейт. Алар күнгө сыйынат Теңир кудайы же бийик тоо кудайга жакын деп түшүнгөн. Сак (ит) булут деп көк бөрүнү эмген деген тотемди парсылар айткан. Сак, гун, скиф, сакиф, алар Жетисуу, Сыр Арал чөлкөмдөрүндө жашап, батыш элдери (грек, рум) дуктар аларды скиф – сакиф аташкан. Сак деген аттын келип чыгышы өтө сак, өтө сергек, сак болгон. Кошуна ирандыктар саки деп атаган. Сак – саккулак, Итти да саккулак дешкен. Бул элге жоолап келген. Ирандыктар, гректер, рундуктар, араптар түрдүүчө аташкан.

Азыркы күнгө чейин «Ит кыргыз» деген атты айтышат. Бул байыркы легендада жоокерчилик болуп, бир бала бешикте калып кетет. Аны бөрү эмизип чоңойтот. Сак дегени, же ит дегени ошондон калган болсо керек. Кытайлар болсо хуни (Гун), сак (сакиф), Булла (булут, бурут) деген ат менен кыргыздарды байыркы тарыхта атаган Ат жалында «талаа кезген жоокер» адам тарыхтын түрдүү беттеринде түрдүүчө аталып келген. 2000 жыл алдык тарых беттеринде кезиккен. Гректен исседон, искулят деп аталганын (Старабон) биз түрк урууларын исседон, искулят, сак, массагет деп атадык дейт. Тарыхчы Птоломей сак, искулят, жен ун (гунн гундарды экиге бөлгөн). 1.Салусбек уулунан: каңны (канды), паспан (бостон), дай (тейит), ова (аваат) оргу, баргы, жоокесек. Булгаачы уулунан: кыпчак

кашка. 2. (Жети кашка) найман, нойгут, төлөс кесек, мына ошол искулят ичкиликтер эзелтен жашаган жери: башы кытайдын хуанке (сарөзөндөн) Бухар Үргөнчкө чейин жетип жашаган эл. Монобул көрүнгөн Актоо, Каратоо арасы, Памир жергеси, башы кытайдан башталып, акыры Самарканга чейин уланып келет. Ошол тоолорду мекендеп Теңирге жакын ичкилик уруулары тогуз гуздар жана башка элдер менен бирге жашап келет. Адам аягы жетпеген муздактарда Ат Тубет, Памир Алай, ымалай (Гималай), Түркстан, Алатоо, Каратоодо эзелтен бери жашап келгени көөнө тарыхта белгилүү. Түркиянын ханы Дизабул 569-жылы Византиялык элчи Замерханы кабыл кылганда ал Кожент тоолорунда кырк гуздар менен тогуздар бири-бирине жакын жашаганынан дарек берет. Ошондой эле улуу тарыхчы Ал истохори (серебряный горы) же күмүш көмүр (кур) тоолорунда Устурушана, Фергана, Илак шелжи, лобоне, ушул тоолордо тогуздар, кырк гуздар бири-бирине жакын турушат деп жазат. X кылымда Кожент, Оротөбө, Заамын, Бахмал тоолору да ошол көөнө тарыхта айтылган. Тейит элдеринин тукумдары азыр деле мекендеп келет. Сиздерге сунган санжырадан билип алсаңыз, келечек овладиңиз өзүнүн уруусун унутпайт.

Тарых беттерин барактасак, кыргыз эли Түндүктө же Алтайда жана Түштүктө жашаган. Демек, Энесайда бир орчундуу бөлүгү жана Улуу Теңиртоо түштүгүндө, чыгышында жашаганы белгилүү. Бул деген сөз кыргыздын орчундуу бөлүгү Улуу Теңиртоо же Каратоодо жашаган. Кара деген өтө чоң, өтө бийик тоолорду мекендеген элдерди Каратоолук кыргыздар деп атадым. Карахан, Чоңхан, Ирикара же Улуукара дегенден улам түшүнсөк болот. Атапарыбыз кызга калың берсе калыңга нече кара берди, же кун төлөгөндө да 50 кара бересиңер деп белгилеген. Памир, Алай, Ат Тебет, Алатоо же улуу

бийик көк мелжиген тоолорду мекендеген ата-бабалар жөнүндө баяндагым келет. Кыргыз кай жерди мекендебесин тоого жакын. «Тоо арты теңир арты» же тоодо жашаган теңирге жакын болосуң дешкен. Азирети Каратоо деп «Манас» эпосунда да бир нече ирет тилге алынат. Анан ушул мезгилге чейин Каратоону бир Казакстанда дешсе, бири Кытайда дешет. А менин билишимче Каратоо улуу тоолор Актоо, Каратоо арасы, же эки кырка тоо арасы десем жаңылбаймын. Сырдын түштүк жээгиндеги карайган тоону Каратоо дешет. Кылым карыткан кыргыздын ордосу ушул тоолордо жатпайбы. Ал Кадамжайдагы, Ноокаттагы Улуу тоодон башталып Лейлек Кожонттон өтөт. Тарых беттеринде бирде сак, бирде гун, бирде асыгы, кесеги ювечи болуп, усун, кан болуп түрдүүчө аталса да 3 миң жылдан бери Улуу тоолорду мекендеп келишет. Ал эмес кечээги биздин XX кылымдын башында Кара кыргыз деген аты менен келген. А түгүл кыргыз-казак же кайсак деген атоодо ушул түптүү элге таандык. Арабдар Орто Азияга келгенде да кыргыздын баатырдыгына таң берген. Александр Македонский да бир «шахынан» же мүйүзүнөн ажыраган. Күчтүү армиясынын бөлүгүн Каратоолуктар талкалап, соңунда Индустанга карай тентип кеткен. Ордолуу эл 8–9-кылымда Алатоого келген деген пикирге мен каршымын. Эки-үч уруу келген болушу мүмкүн. Каратоо эли 3 миң жылдан ары деле жашаган. Даван мамлекетин, Кан мамлекетин, кийин Карахандар мамлекетин, Кокон хандыгын, Андижан хандыгын түзгөнү белгилүү. Кыргыздарды жапайы кыргыз буруттар деп атаганы, алар жоо дегенде жатпаган кылычы кынга батпаган жоокер эл болгон. Кайсактар андан кичине жапайы эмес дегени казактардан алда канча баатырыраак эл – кыргыз эли. Кайсы гана түрк элдерин албайлы атасы Кара кыргыз. Азыркы мезгилде деле кыргыз элинин ичинде саяк уруусун алалы. Өтө намыс

кууган, кекчил эл. Себеби сак, саяк деген тотенумду алган уруу (ит же бөрү баласы) бөрү баласы ит болбойт. Демек, көк бөрүдөй бакубат, тийген жерин тилип, барган жерин буруп келген кыргыз элине таандык баатырдык. Дагы бири түштүктөгү ичкилик уулдары. Кызыл уул же ичкиликтер ар дайым жоо келгенде ортону алып барган. Оң жагында Оң уруулар, сол жагында Сол жиктер солдор турган. Ошол солдор сол жик болуп, азыркы Түркияга чейин барып (Солучуки) же солжиктер болуп туруп калышкан. Түрк элдеринин эң көөнөсү атасы кыргыз десек да жаңылбайбыз. Ошентсе да биз Сыр бою Памир Алайда Каратоо, Актоодо жашаган кыргыздардын көөнө эң улуу эл болгонуна кээ бир окумуштууларыбыз ишенишпейт. Себеби Орхон Енесайдан Алатоого келгенин гана айтышат. Ар жактагы 3 миң жылдык баатырдык тарых кайда кетет. Даван, Кан, Шельжи, Бохон деген мамлекеттер согдулар, тохарлар деген элдердин кийими, урп-адаты кыргыз деп айтсак болот. Аялдардын баш кийиминде канаттуулардын, үкүнүн парын таккан. Кыздарынын чач кебиндеги бой тумарларында барстын бейнеси чегилген. Сак кыздары, ак сөөктөрүнүн үй-бүлөсү мына ушундай алтын, күмүштөн, асыл таштардан оюн көз койгон тагынчактарды көчкөндө, Ноорузда шаан-шөкөт менен кийип жүрүшкөн. Эркектери болсо шоңшойгон кийиз калпак кийишкени маалым. Ак өргөөлөрдө жашап көчүп жүрүшкөн. Кийинчерээк шаар салып отурукташкан. Шаарда жашаса да Ак өргөө жашоо символу катары ордо ичинде деле тигилүү болгон. Кыргыздардын көчүү багыты Монгол Алтайынын Шинжан, Турпан, Памир, Алайга, анан Аралга чейин жашап келген.

А.Н. Бернштамдын байыркы мезгилден монгол басып алуусуна чейинки кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы. Бешинчи бөлүмүндө 553-жылы Култегин, Могилян кагандын эстелигинде, көңүл айтууга

келген уруулар катарында кыргыздар да эскерилет. Байкалдын батышында кыргыздар ар түрдүү уруулардан турган сылыфасы айтылат. «Геси», «Гюйабо», «Ами беги» деген сөздөр, уруулар кездешет. «Геси», «Кесек», «Або», «Абат» уруулары болушу этималдан алыс эмес. 646-жылы игардуш элин талкалап кыргыздар кытай элине элчи жиберген. Бектер бийлегени «Бегре» рун жазуусунда баяндалат. Бектер ичкилик урууларын да азыркы мезгилге чейин Бек атын жоготпогон. Биринчи аялын кыргыз, экинчи аялын парсы же өзбектен алышкан. Бектин байбичеси бардык үй чарбасын бийлеген. Азыр деле Баткендеги Аксайлык бектер, Өзбекстандын Бахмал районундагы бектер өзүнүн түпкү нечен кылымдык салтын таштабаганы маалым. Бек тобу (асылзаада ак сөөктөр). Ошол эле доордо 650–683-жылдарда Гудулу каан кыргыз кытай менен мамилени жакшырткан. Ошондо Кытай императорунун бири Чжун-Цзун мындай деген: «Силердин бийлик жүргүзгөн үй мени менен бир уруудан, ошондуктан мен аны бөлөк күнкорлордон ажырата баалайм». Бул деген сөз ошол кыргыз бегинин аялы кытай болуу керек. Жээн же куда сөөк болушу керек. 683-жылы чыгыш каганаты өзү илгерки күч-кубатына келет. Кыргыздар бейкут өмүр кечирип жүргөндө 710–711-жылы Түрк тоосунда жашаган түрктүн колу эл бейкапар уктап жаткан мезгилде кол салып кыргызды кырды. Тону көк же көк түрк баатыр болсо Барсбек менен ачык бет келбей ууруча басты. Барсбекке кыз берген түрктөр ачык эле жазат. Барсбек жаш болсо да, калкан-найзасын колго алып, өз элинин намысын коргоп мерт болот. Кыясы, жайдак айгырга жоо кийимин кийбей Култегин менен бет келет. Кийген жоо кийими болбосо да анын Баыркун боз айгырын токмоктоп, кабыргасын сындырат. Ушул баатыр Барсбек болчу. Кыргыздар ич

кийиминде баатырларча өз эли үчүн кыян кески күрөшөт. Түрктөр болсо жоо-жарагы, кийими менен болчу. Кыргыздар ошондо да өлбөй калганы өз алдынча кагандыгын сактап келген. Сур Тардуш Ынанчу 732-жылдагы даректе, тилге алынат. Бул 712-жылдагы даректе кийин Кытай жолун түрктөр тосуп алат. Кантсе да тарыхтын 3 миң жылдык көөнө беттеринде кезигет. Кушан мамлекетин түзгөн «Гушкан» же «Гуйшан» ошол тыбыштык жактан өзгөрүп «Кушон» болуп калган. Ош деген сөз да (Кушчу) «Гушкан» «Гуйшандан» келип Гуши, Ош болуп аталып калган. Демек, монгол алтайы Тибет Кашкар, Котондон Памир Алай, Ымалай, андан ары Бадахшан Балык, Арал багыты жана Авганстан, Багдат, Шам багыты, ар жагы Балкан тоо, Алп тоо Римди ээлеген ушул эле солжиктер, Гундар, Талаалыктар болуп көөнө тарых бетинде калган улуу эл кыргыздар десек жаңылбайбыз. Орхон Енесайдан 8–9-кылымда аз эле уруулар келген. Көпчүлүк уруулар солдор, ичкиликтер мурдатан эле Каратоолордо Теңиртоо, Сыр боюнда жашаган. Алардын баатырдыгын айгинелеген Атылкан жөнүндөгү дастандар, Манас жөнүндөгү дастандар, Алпамыш дастаны буга далил боло алат. Анткени ушул мезгилге чейин Бойсун коңурат эли Алпамышты айтып жүрүшөт. Ошол Бадахшан балыктагы же, тагыраак айтканда, Сурхан Кашка өрөөнүндө жашаган Коңурат, Катаган уруулары жыл өтөөрү менен өзбек болуп, лакай уруусу, же тажик, же өзбек эмес болуп калган. Катагандар берээкки кылымдарга чейин эле Авган, Багдат чегине чейин бийлеп турган. Биз аларды тарых беттеринен билип үйрөнсөк кыргыз тарыхына чоң салым болот. Бухаранын тегерегиндеги кыргыздар кыпчак, найман, каңгы уруулары Самарканддын Ак дайра Фарыш, Пахтачы, Пайарык чегиндеги уруулар да кылымдар өтөөрү менен өзбектешип бара-тат. Бахмалдык, Заамындык кыргыздар гана Кыр-

гызстанга белгилүү. А түгүл баатыр курама кыпчак кечээки Революциядан бери эле өзбек болуп калбадыбы? Биздин кыргыз элинин саны ошентип кумга сиңгендей кыскарып бараткандай. Буга далил Наманган, Фергана, Андижан, Ташкендеги кыргыздар да акырындык менен өзбектешип баратат. Кыргыз атын алганы менен тили, салты жоголуп бараткпайбы? Айтаарым, кыргыз тарыхын Кыргызстандан тышкары кыргыздардан тереңирээк изилденүүсү керек. Алатоо, Каратоо, Памир, Алай, Ымалай, Алп тоо, Балкан тоодон көбүрөөк иликтеп байкаса болот. Монгол Алтайынан Үрүмчө, Турпан багыты, Кокон багыты, чыгыш Тяньшань жана Памир Алай, Чоң Кичи Памыл, Памир, ушул эле багытка Бадахшан, Бойсун, Коңурат да ушул багытка кирет. Фергана өрөөнү Каратоо, Актоо арасы болуп, тээ «Манас» эпосундагы Улуу көч да ушул багыттан башталат. Эпостогу уруулар кыпчак, ават, муңат ак төөчү, нойгут, оргу, окчу жана башка уруулардын көчүп конгон орду да ушул багытта болгону маалым. Азыр ошол Үрүмчү Муңаатында (Ават, Мунит, Актачы, Бостон, Терек, Оргу жана башка) жерлер кыргыздардын Улуу көч жолун белгилейт. Каратоо жергесинде Бакай коргону, Кошой конуш, Байтак (же байдын тагы), Жакып дарбаза, Жакып конуш, Шоролу Ташкотон, Төрткүл, Кулан жайлоо Мадиген (Медиан), Андакен же Моодунун кени, Кароол дөбө, Аксай, Барса-келбес, Шахурша өлгөн жер, Сок дайра, Үйрүлмөнүн сазы (Яйилма) Кайыпчынын бели, Эчкилик тоосу, Жоопая, Карөтөк, Миң теке (Миң бугу) жана башка толуп жаткан эпостогу айтымдар, уруулар топонимикалык аттар бар.

Актоо, Каратоо арасы,
Кыргыздын жүргөн талаасы,
Туурун издеп келиптир,
Кан Жакыптын баласы. *(Саадаттан)*

Демек, ушул багыт «Улуу көч» багыты деп Каратоо жергеси улуу кара кыргыздын 2,3 миң жылдык мекени болгону рас десем жаңылбасам керек. Биз 2200 эмес 3000ден ары да улуу эл болуп жашаганбыз. Кушон, Даван, Могулстан, Өзгөн, Кокон Чач кандыгынын ээлери, Памир Алайдын ээлери, Бадахшан Балыктын ээлери, бектери болгон түпкүрү түптүү элбиз. Ал түгүл Энесайда да элибизди, тамгабызды кылымдар бою сактап келген Кара кыргыз элбиз.

Улуу көч жолун уланта берет. 2001-жылы 29-августта Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы чыкты. Өзбекстандагы кыргыздарга дагы бул кабар жетип Жыззах, Сырдарыя областтарындагы кыргыздардын алды Теңиртоого көчө баштады. Көч башы болуп Москва, Сокулук, Ысыката, Аламүдүн райондоруна 600дөн артык түтүн келип жайгашты. Келген эл ошол Байтейиттин беш уулунун балдары – Чапантейит балдары Бахмал, Заамын кыргыздарынан көч башы Искандаров Каршыбай, Анаркулов Сайитбай эмгек сиңирген пактакер, Рахманов Сапар, Равшанов Сайит, Утаев Мархабай, Шакиров Субхан, Адиев Бахадур, Мусулманов Кочкор. Бул атуулдар биринчилерден болуп Теңиртоого көч башы болуп, Ата Мекенден орун-очок алышты.



Гундардын кени.



Муг же мыктын көрүстөнү.



Болочок аалым Эсенбек Кубатбеков менен Майрам Жоош кызы Каратоодогу Кулан жайлоосунда.



Ата Мекендеги чоң Ноорузда Бахмалдык Заамындык кыргыздар.

ДБ
Баткенская ЦБС
инв. № 14411 (55)



*Оңдон солго:* Черикбай Өмүрбеков – тарых-этнография илиминин кандидаты; Майрам Жоош кызы; Эсенбек Кубатбеков – аспирант; Суусар Токтоматова – журналист-аспирант; Асрарбек Ярбеков Бектердин авлади.




Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын майрамдоодо. Сретенко орто мектеби. *Солдон оңго:* Исабекова – мектеп директору; Майрам Жоош кызы; Токтоматова – журналист. *Экинчи катарда:* Үмүт кушчу жетекчиси Фазылова Мавлюда.

## БАЙТЕИТТИН БЕШ УУЛУНУН БАЯНЫ

Төлөбийдин тогуз уулунун бири Байтеит. Байтеиттин беш уулу болуп, беш бирдей норгул жигит болуп, Жетикечүү, Сарыкамар, Талды, бир жагы Бахмалга туташса, бир жагы Оротөбө багытына туташкан Заамын жергесинин соорусу, Жетикечүүдөн оргуган мүрөк суулардан наар алып, беш баласы беш уруу эл болуп Заамын Бахмалды жайлап, түпкүлүктүү эл болуптур.

Шылдыр булак күүсү бар,
Тунук дайра суусу бар,
Дилге шыпоо тоосу бар,
Жаннат мекен Заамында.

Конок келсе кой союп,
Куда келсе тай союп,
Кут береке даарыган
Токчулук бар Заамында,

Дугаванын бойлору,
Гүл төшөлгөн жолдору.
Узбекстан жаннати
Заамын Бахмал тоолору.

*(Заамын гимни Майрам Жоош кызы)*

Аталары байыртан тоону мекендеп мал менен жашаса, балдары кең Мырзанын чөлүн ачууга чөлдү кезген тоо бүркүттөрү, чөлдү гүлистанга айлантып Шараф Рашидов, Достук, Арнасай Зарбдар, Баяут түмөндөрүн шаарга айландырышты. Бул бүркүттөр Саттар Усманов, Хазрат Шерматов, Раим Козуев, Жапар Кулбеков, Ахмат Кулбековдон тыным албаган инсандар чөлдү бостонго айландырышты. Ошондой эле «одил казы» же сот атагын алган Мангыт Жаббаров, Орол Кулматовдорду эл жакшы сөздөрү менен эскеришет. Кийинки чөлдөгү көп чарбалар-

ды башкарган Эргеш Умаров, Хужакулов Өкдөм, Исмат Жаббаров, Миңбай Эшбеков, Чотбай Намазов, Жакып Рахманкулов, Уммат Аллаяровдой инсандар көп чарбалардын өсүшүн жогорку көрсөткүчтөргө жеткиришти. Тил илиминин доктору Айтбай Мирхайдаровдой жетик илимпоздор, Жаныбеков Абсаламдай илимдин кандидаттары жетилип чыкты. Экономика илиминин доктору Төрөбек Ташмурадов, химия илимдеринин доктору Бөрүбаев Жакшыбай, тарых илимдеринин доктору Ходжаев Эргештер илимге чоң салымын кошкон.

Мамлекеттик ишмер Кыдыр Шүкүр уулу президенттин ишеничтүү кишиси болду. Бир нече жолу Жогорку Кеңештин депутаты болуп эл ишеничин актады. Маркум Товбай Мисиров эл достугун чыңдоодо көп салымы бар. Ал инсан көп жыл Сырдарыя областындагы «кыргыз» диаспорун башкарды.

Заамын кыргыздарынын, Сырдарыя областынын кыргыздарынын үрп-адатын, маданиятын, салт-санаасын өнүктүрүүгө бир топ иштерди алып барды. Мына ушундай элим деген атуулдардын элеси эстен кетпейт. Өткөн заманда 19-кылымда жашап өткөн кутаалы тобунан Абжапар казы, Алла казы, Кашка тобунан Ажи бий, Абай тобунан Умарбек бийлер өз доорунун абийирдүү эл башкарган инсандары болгон. Совет мезгилинде Ахунбабаев менен чогуу иштеп, Бахмал Заамынды Кыргызстандын курамына кошсок деп аракеттенген Абай уруусунун бектери Молло Нарбек, Молло Бабабектей Элмурат миңбашы аталар эл душманы деген ат менен 36 жыл камалган. Ал кишилердин небере-чебирелери Теңиртоого көчүп келишти. Ата-бабалары эңсеген жерге 2001-жылкы Кыргыз Республикасынын Указы менен келишти. Москва районунун Стретенко айылында Кызмолодо жашап атышат. Эркиндикти эңсеген элдин урпактары, Байтеитин беш уулу жөнүндөгү айтымдар:

Байтеиттин кашкасын,
Кылыч берип жоого кой,
Кутукенин балдарын,
Чечилбеген доого кой.
Кутаалынын балдарын,
Мылтык берип зоого кой.
Абайлардын балдарын,
Канды күтөөр жолго кой.
Арыктардын балдарын,
Калам берип күрскө кой,
Манактардын балдарын,
Сурув-сурув койго кой,
Салым берип кош-коштоп
Жыйганыны тойго кой.

Айта берсек эл арасында жакшылар көп. Азыркы жаштар ошондой абийирдүү аталар менен сыймыктанып жашап, ошондой аталарыбыздын жолун жолдоп, абийирдүү журттун перзентибиз деп даңктанып мезгилге салым кошуу парыз.

Кыпчактардын таарииписи көп кылымга кеткени белгилүү.

Дашти кыпчак аталган,
Жоокер кыпчак атанган,
Куш уйкусу ээрде,
Кулдук урган катылган,
Жоо жарактуу кыпчагым,
Куш канаттуу кыпчагым.

*(Майрам Жоош кызы)*

Кыпчак уруусу Төлөбийден тараган ичкилик кызыл уулдан. Кыпчактын уулдары: Тору айгыр, Кожом шүкүр, Кармыш, Алтыке, Тоймат, Жаманаң, Омонок, Ак кыпчак, Калдар кыпчак, Сары кыпчак, Сарт кыпчак, Кан кыпчак, Венгер кыпчак, Орус кыпчак, Каң кыпчак, Боо кыпчак, Жети кашка.

Сарыкамар кыпчагы 100 түтүнгө жете. Булар Байтеит уруулары менен кошуна жашап келген. Чөлдө

Достук, Шараф Рашидов түмөндөрүндө, Манас, Г.Гулам чарбаларында илгертен бери отурукташкан. Кыпчактан илгери Атылкан, Барманкан, Тоглуркан, Кетенхан, Эр Төштүк, Курманбек, Шырдакбек, Жаныш Байыш, Эр Эшим да кыпчактан. Азыркы мезгилде Ш. Рашидов түмөнүндөгү Карашевдер, Жороевдер, Жаныбековдор Заамындык кыпчактардан. Булар кыпчак уруусунун көзгө көрүнгөн чоң үй-бүлөлөрүнөн.

### Бахмал атамасы жөнүндө

Бир замандарда Бахмал жергесинде жашаган теит элинин Кутаалы тобунан Жолдошбай бий той бериптир. Ошол тойго келген коноктор 100 үй тиктирип ак-отоонун сырткы жабуусун кызыл манаттан жаптырыптыр. Нары жагы Оро-Төбө, Кожент, Заамын, бул жагы Нарпай-Жанбайдан, Ысар-Көлөптөн тойго бай-бийлер келиптир. Чоң тойдун кабарын уккан чабандестер бул өрөөнгө келе башташыптыр. Ар кайсы жонодон атчандар дүрбүп, алардын көз алдына кыпкызыл өргөө кызгалдактай көрүнүп, Найман бийи Нарбото бий жигитине, Бахмалдай жайлоо экен, мындай сулуу жерди көрбөгөнмүн, Бахмал болсун, – деп бараткан эл атаптыр. Бахмал болсун деп бардыгы кубаттаган экен. Бул жайында:



Айыл чарба илиминин кандидаты Эргеш Избасаров 20 жылдан ашык совхоз директору болгон. Кутаалы тобунан.

Жолдош бийдин тоюна
Токсон чары союлду,
Башы элге коюлду,
Табак албай чара ал
Эл бүткөндүн баары бар.

* * *

Бахмал сайынын күңгөйүндө, же Маргузар товунун күңгөй бети. Сай оозу. Кичине кыштов, Катта киштов. Жайлову Маргузар тову. Ай кар, Күн кар жайлоову. Найман, Чай ич, Шайбек кыштову менен коңшулаш. Бет мандайы Кырккишлак. Абай уруусунан сынчылар, бектер көп чыккан дешет карыялар. Эл оозундагы айтымдар:

Беглер беги Абайда,
Бейлер бийи Абайда,
Молло муфту Абайда,
Чебер сынчы Абайда.

75ке кирген байбиче Камбарай. Улукбек кызы: өз ата-бавасынын санжырасын төмөнкүчө баяндайт.

Түп этегин кайырган.
Түмөндөн улак айырган,
Как этегин кайырган,
Калмактан улак айырган.
Тууну туудай көтөргөн
Душманын койдой бөктөргөн,
Жоо дегенде мен деген
Жоо батыры кел деген.

Бул киши Камбар эженин катта атасы же 4-атасы Умарбек бийге арналган эл ырчыларынан калган. Уро Төбөдө, Коончуда, Олаатда бий болгон. Умарбек бий туман жарган бий экен. Ал киши аш бергенде Найман дөбөнүн үстүнө кур кылып, минден, жүздөн, кырктан келген калың эл отурганда Найман дөбө чөгөйүн деген экен. Ар бир мейманга бир уучтан Бухар тенге тартуулаган дешет. Умарбек бий бар байлыгын элге берип, өзү көл катары жашап дүйнөдөн өткөн экен:

Кызыл бий, Токчор бий, Бекчер бий, Умарбек бий, Жарибек бий, Кылычбек бий, Сындарбек бий, Жакыпбек, Улукбек болуп чоң Кызыл бийге чейин 19 ата өткөн деп аныктама берет Камбарай эне. Талдылык жети кечувлук Абайларда булар менен бир ата. Кыштову Тулан, Такабасты кыштов, Арчаазар, Кулжаман, Курусай, Ала Байтал, Караташ.

## СҮРҮНЧӨК БАЯНЫ

Сүрүнчөк, баян манактын сүйгүнчөгү болуп, айылы Маргузар товунун тагында, Сүрүнчөк авулу.

Жаздамасы Маргузар жайлову. Сүрүнчөктүк байлар көп чыккан.

Атоолу байы Кар Жолдош, Атамбек жана азыркы мезгилде Байкулбай Кулмат бай кушчу. Бардыгы бир атадан тараган.

Сүрүнчөгүм сүрөөрүм,
Сүрүп жолдо түнөөрүм,
Коровумду толтуруп,
Жорго минип күлөөрүм, –

деген эл оозунда айтымдар бар. Айтурду байбичеси акатовдо бала эмизип отурса түндүктөн кут түшүп, бешиктин баш жагы жаркырап кетиптир. Ошондо Айтурду байбиче алактап, аны шыпырып оромолуна түйүптүр. Байына айтса: – Кана көрөйүнчү, – деп, түйүндү чечсе алтынга айланып калган экен. Кар Жолдош өнгөн-өскөн, жылкысы өрүшкө, кою бетке сыйбаган бай болуптур.

### Бахмалдагы сартеиттер

**Сартеит киштову:** Жогорку Шайбек.

**Жайлову:** Маргузар тоосу, Паскы. Шайбек.

Сартеит Төлөбийдин теитинин 7-баласы болуп, Бахмалдын орто чегинде Маргузар товунун күнгөй бетинде жашайт. Илгери заманда малы көп болуп, тов арасында мал менен күн кечирген. Адамдары бир сөздү кесе сүйлөгөн, бет келген жагын бербеген чыр мүнөздүү:

Сараланган Сартеит,
Барала байлар байтеит,
Шай тургалы Шаибек,
Авулунун байы көп.
Бахмал жердин саросу,
Тегет элден копушу,
Бир бетинде өзбеги,

Бир бетинде кыргызы,
Сай жакалап орлосон,
Кымыз ичип торлосон.
Сыйлуу өзбек агасы,
Бири кыргыз авасы,
Түрк атанын баласы.

Азыркы күндө жаштары окуп, Жызак, Сырдарыя вилоятынын Достук, Шараф Рашидов, Зарбдор, Арнасай, Мехнатабад, Пахтакор түмөндөрүндө жашап келет. Эгемендүүлүк шарапаты менен көбү фермер, тадбиркар болуп, Өзбекстанга өз салымын кошуп жүрүшөт.

Дагы бир айтым Бабур мырза Самарканга өткөндө кызыл отоодо түнөп дем алып кетчү экен. Бахмал жергеси ар сайынан булагы оргуган, бетегеси белден өсүп кой-эчки жуушаган жайлоо десек да болот. Байбичелер бээ байлап кымыз кылышат, чарбаны жайы болгондон кийин жигиттери чабандес, кыздары килем токушат. Кышы жылуу, жазы салкын.

## БАЙТЕИТТИН БАЛДАРЫ



Жарыбек уулу Молло Бабабек. Бул инсан Бухарда медересе көргөн, билимдүү инсан болгон. Эл дегенде күйүп жанган эки ата уул революциядан кийин Өзбекстандын Президенти Ахунбабаевдин жер, суу реформасы боюнча жардамчысы болушкан. Бахмал, Заамын райондорун Кыргызстандын курамына кошобуз деп Москвага кат жазган. Бул Бекберди эл душманы деп репрессияда 36 ай кыйнакта болуп кийин акталган. Эгемендүүлүктү көрбөй кеткен улуу бабалардын тагдыры ушундай кыйынчылык менен өткөн. Байтейиттин Абай тоосунан.



2001-жыл. Ажыдан кайтуу. Курбан ажы, ондо Жармамат Мусурман уулу, Жолбек Кошман уулу, Конуш Каршыбай уулу жана айылдаштары. Байтеит кашка тобу.


**Курбан ажы.** Көп жылдар Сырдарыяда Шараф Рашидов районунда имам болуп ажыга барган инсан. Бул ата жөнөкөйлүгү, ак көйлүгү, адамгерчилиги менен эл-журтуна ээ болгондордун алды.




Ойсаптар Төлөбай кызы Дүйшеева, Баатыр эне. Төкмө эл оозеки ырларын жерине жеткире айткан. Ооз комуздан Өзбек республикалык 2006-жылдын конкурстун жеңүүчүсү. «Жан-жанай» Кыргыз фольклор жамаатынын жетекчи ырчысы.



**Эргеш Умар уулу.** Кыргыз десе бар жанын берген раис. 18 жыл совхоз директору болгон. Өзбекстанда эмгек сиңирген айыл чарба ардагери. Манак тобунан.



**Абулсалам Жаныбеков,** илимдин кандидаты, профессор. 2007-жылы «Достлик» орденин алган, Эл агартуунун отличниги. Сырдарыя областында мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун педагогика кафедрасынын мудүрү. Сырдарыя областтык кыргыз диаспорун жетектейт. Кашка тобунан.

**Төлөбай Мурат уулу.** Заамын жергесинде андай аксакалдар чанда саналат. Ал киши торколуу той, өзөктүү өлүмдө эл-журт башкарган инсан. Улак күрөштө өзбек-кыргыз жаатын бир ооз сөзү менен тындырган киши эле. Төлөбай келет десе ар кандай доо чечилчү.

Үйүнөн коногу үзүлбөгөн инсан, 7 презент, 40 небере көрүп дүйнө салды. Байтеиттин кашка тобунан.





Караман уулу Ысманбек XVIII кылымда жашаган Асанбек баатырдын небереси. Ысманбек Совет мезгилинде ата-бабаларынан калган байлыкты өкмөткө берген. Өзү колхоздо актив болуп иштеген. Ысманбек уулу Каршыбек Эл агартуунун отличниги, кадырман мугалим болгон.



Бабабек уулу Ысраилбек Ата Мекендик согуштун ардагери. Эмгек ардагери. Бир нече орден-медалдар менен сыйланган. Бул киши өз өмүрүн бекзаттарга ылайык жашап өткөн.



Бабабек молдонун келини, баатыр эне Айсат байбиче. 90 жаштан өрдөп калса да алим тетик. Беш убак намазын үзбөгөн нускалуу байбиче. Жанында Майрам Жоош кызы.

## БАХМАЛ ЗААМЫНДЫК ЧАПАНДАР

Кутмандуу тоону пааналап,
Аргымак минген саралап,
Жаннатка кирип келесиң
Бахмалдан өтсөң аралап.

*Майрам Жоош кызы*

Чапантеиттин балдары:

Чоной, Казак, Бир кулак, Жумур

Чоной:
- Тентек
- Алакам
- Карабасты
- Амандык
- Гаача
- Кар
- Гаяк
- Тоокум

Чапандын кошуп алган балдары: Жадик, Уйгур

Уста Карача колунан көөрү төгүлгөн болот куюучу болуп, Бухара кандыгынын замбирегин ондогон. Ок жана жоо-жарактарын жасаган. Казак тобунан.

**Кыштову:** Караңгысай, Жумур, Музбулак, Акмоло, Секисай, Карамазар, Көкбулак, Таңтуң, Каримсай, Тайлан, Жаадик.

**Жайлову:** Горолос, Кырк кыз, Шааназар, Төгөрөк шибер, Катмазар ата, Бел, Орто Жоно, Тайландын бели, Жаңгак ата, Чынар ата, Марвузар тоонун орто чеги.

Чапан уруусу теиттин бешинчи уулу болуп он бешке бөлүнөт. Ичкилик (Искулят) Кызыл уулга жатат. Чапан элинен баатырлар, ырчылар, мергендер, чечендер көп чыккан дешет көөнө тарыхта.

Аваат ашып келет,
Нойгут басып келет,
Найман доолап келет,
Кыпчак жоолап келет,
Теит терип келет.
Канды жерип келет, –

деген эл оозундагы айтымдар бекеринен айтылбаса керек.

Кийсе жылуу чапаны,
Чапса кылыч чапаны,
Жылгасында миң булак,
Жаннат Бахмал мекени.
Меште кымыз суусуну
Ат жалында туулган,
Ак жамгырга жуунган.
Түпкүсү түркү уулдан.

Азыркы мезгилде жаштардын көбү мырзанын чөлүн өздөштүрүп Достук, Шараф Рацидов, Зарбдар, Арнасай, Ак алтын түмөндөрүндө жашашат. Ата жайы Бахмалга тез-тез барып турушат. Чапан теиттин бир баласы бир кулак Заамын тоолорунда жалгыз Арча, Бак жайлоо, Жаскак, Көк белес жайлоо-кыштоолорунда жашайт, ар жагы Оротөбө, Шахристан түмөндөрүндө да бар, чапан элинен революцияга чейин эл башкарган кишилер Сүйүнбай старчын, Бердибек найып, ошондой эле совет мезгилинде тил илиминин доктор Сүйүн Караев, илимдин кандидаты, Ислам Сулайманов дагы ушундай эле эл башкарган Нурманов Мамадиевдерди ким таанабайт дейсиң. Эл агартуунун отличниги, «Даңк» медалынын кавалери Бердибай ата Жороев, ошондой эле Эл агартуунун отличниги Кайым Эрназаров, Шапат Нурманов, Арселмурат Маликовдордой, Атамурат Абдырахмановдой инсандар жаштарга таалим берип 40 жылдан ашык иштеген. Азыркы мезгилде эс алууда. Ошондой эле Өзбекстанда эмгек сиңирген инженер Амир Мамировду ким билбейт, мына ушул атын атасаң куту сүйүнгөн куттуу элдин кулундары Абдыразаков Шапаат. Метеоролог болуп 40 жыл иштеген. Биринчи кыргыздан чыккан метеоролог болгон.



**Мусурман уулу Ярмухаимат** жөнөкөй дыйкан үй-бүлөдөн чыккан. «Эмгекке даңк» орденинин кавалери. 40 жылдык өмүрүн «Голодныйстеп» же Мурзанын чөлүн өздөштүрүүгө сарп эткен раис, окстын башчысы болуп кызмат өтөгөн инсан. Сырдарыя областы Ак алтын, Ш. Рашидов түмөнүндө иштеп мечит курган. Курбан ажы, Амир сопу Жоробай аксакалдар менен бирдикте мечитти бүтүрүүгө баш болушкан. Чапантеит, Чоной, Алакам Сүйүнбай старчындын кызынын небереси.



Информатика илиминин кандидаты, доцент **Сүйүнов Исламбек Сулайманович** көп жылдар Жызак пединститутунда көп жыл иштеп кафедра мүдүрү.

Казак факультетинин деканы болуп иштеген. Кыргыз тили кафедрасын ачамын деп аракети ишке ашпаган, докторлук диссертациясын жазып, эңсеген арманына жетпей арабыздан эрте кеткен. Чыгаан илимпоз болчу. Теиттин «Алакам» тобунан Сүйүнбай старчындын небереси.



**Бердибай ата Жороев.** Эмгек сиңирген мугалим, Эл агартуунун отличниги, «Данк» орденинин кавалери. Чапан теит тентек тобунан. Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 40 жылдан ашык мугалим болуп иштеген.

## БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ САНЖЫРАСЫ

Тоокан
↓
Ороз бий
↓
Оторкан. (Отрар шаарын курган.)
↓ ↕ ↓

Үркөркан (Көөнө, Үргөнч шаарын курган.)

Баракон
↓
Аланчахан
↓
Бооке
↓
Атылкан 360-ж Римди алган б.э.

Калча (Көкчө шаарын курган.)

Атылкан → Карачкан, Калыбий

Карачкан

Калыбий
↓

Баласагын → Араш

Багланга үйлөнөт.

Араш ↓ Таласкан

Дүйнөкезген уул туулат.

(Алтын Арашанда жашаган.)

Баласагын ↓ Ташыкан

676-ж. Ташкентти курган.

↓ Белескан

↓ Култекекан.

↓

Алаш Чамас

Жанкороз бий

Төлөбий

Аркалык → Хакасия

Хакаскан

1. Аваат 9га бөлүнөт.
2. Нойгут 12ге бөлүнөт.
3. Кыпчак 9га бөлүнөт.
4. Бостон көпкө бөлүнөт.
5. Тейит 9га бөлүнөт.
6. Канды 26га бөлүнөт.
7. Кесек 27ге бөлүнөт.
8. Актачы 9га бөлүнөт.
9. Найман 15ке бөлүнөт.
10. Катаган көпкө бөлүнөт.
11. Оргу 9га бөлүнөт.
12 .Дуглат Казак-кыргыз.
13. Төөлөс.

Ичкилик
Же искулят
Же шедан

Кызылбаш,
Галча,
Бай тиет,
Кочкор тиет,
Чапан теит,
Кара теит,
Сары теит,
Арык теит,
Чал теит.

Алаш
Чамас

Жанкорозбий → Долонбий
Төлөбий → Ичкилик кызыл уул
Хакас


Ак уул оңдор Адигине бий
Сарттар
Баргы
Бөрү
Жол жакшы
Жетиген
Мунгуш

Наал эже → Моңолдор


Куу уул оң Тайгай бий → Тагай бий. 1400 жыл. →
Саяк
Солто
Карачоро
Азык
Чирик
Саяк
Коңурат

Куу уул сол →
Жайыл
Чоң багыш
Саруу
Басыз
Мундуз
Кушчу
Карапай
Каратал
Кытай

Бахмал Заамын кыргыздары.
Байтейит уулдары.



Бахмал заамындагы манактар




**Арыктын жайлову, кыштову:** Усмансай, Жадик, Чайич.

**Манактын жайлову:** Эшек айдор, Кулжемен, Үч очок, Кереге таш, Байдовхун адыры, Көк жар,Дуулат, Караңгы сай, Караташ, Кайнар, Бешбулак, Алабайтал, Кыштов, Курусай.

**Сүрүнчөктүн аулу:** Маргузар, Атанын пасы, Көлдүсай, Сүттүү булак.

**Абай жайлоову, кыштову:** Катта кыштов, Сайоозу, Найман, Маргузордун таги, Талды, Көл, Эшек Айдар, Караташ, Курусай, Музбулак, Жетикечүү, Суубулак, Көкүлбай.

**Кашканын жайлову, кыштову:** Байдөбүнүн адыры, Сарыкамар, Супа, Ажыбай арык, Ташбулак, Усмансай, Дугава, Караңгысай, Караташ, Майдан, Сулуусай, Тактерек, Кашкасуу, Такали чоку.

**Кутукенин жайлоову, кыштову:** Талды, Өрүклү, Шейит өлдү, Тангинин кулагы, Усманы, Жадик, Арчамазар, Текетакты, Казакөлдү, Ото чоктун талы, Жолсай, Асан булак.

**Кутаалы кыштову, жайлоову:** Сарыкамар, Бешбулак, Авулөпкө, Сопукишлак, Карасуу, Жылбулак, Чектамга, Каркыралы, Акбулак, Шилвилүү, Бакжайлоо, Каттакотон, Көкбелес, Кичибелес, Чилдемазар, Ташбулак, Акмоло, Аширтоло, Кайнар, Кошкат.

## Кыргыз жыл аттары

| Жыл аттары: | Ай аттары: |
|---|---|
| 1. Чычкан. | 1.Чилде – Январь |
| 2. Сыйыр. | 2.Ут – Февраль |
| 3. Жолборс. | 3. Амал – Март. |
| 4. Коён. | 4.Соор – Апрель |
| 5. Балык. | 5.Жавза – Май. |
| 6. Жылан. | 6.Саратан – Июнь. |
| 7. Жылкы. | 7.Асат – Июль. |
| 8. Кой. | 8.Сумбула – Август. |
| 9. Маймыл. | 9.Мизон – Сентябрь |
| 10. Тоок. | 10.Кыргыек – Октябрь |
| 11. Ит. | 11.Акраб – Ноябрь. |
| 12. Доңуз | 12.Кавс – Декабрь |

### Он эки жылда бир мүчөл келет.

1) Ай ак туулса куруучулук.
   Ай сары туулса жаангерчилик.
2) Каңтар ооду.
   Каңтар ооду карк этти,
   Байдын көзү жарк этти.
3) Үт. Жакшы келсе үт, жаман келсе жут.
4) Азиз мама 6 күн.

   Айкайласа катты күн
   Ахман Дахман ыйлады.
   Ак жаан менен сыйлады.
   Көчөтүңдү эгип кал.
   Эгиниңди себип кал.

### Жыл мезгилдери:

1) Коклам. Амал соор
2) Жаз. Жавза Саратан Асат.
3) Күз. Сумбула Мезон Ахраб. Кыргыек.
4) Кыш. Токсон чилде, кавс, үт.

## Жылдыздардын аттары.

1. Алтын казык
2. Саманчынын жолу. Кут.
3. Чолпон жылдыз.
4. Үркөр.
5. Тараза жылдыз.
6. Жетиген жылдыз.

«Таӊ агарып атканча»,
Тараза жылдыз батканча.

*Эл ыры.*

## Тамак-аштар:

Казан нан, көмөч коңтормо патир, катпатир такман, каттама жайган, айым аш, үйрө кесме аш, гылмын сүртмө, чоеваты, курук чыктама, боорсок бешбармак, жалчмен, умач, талкан жарма, сок, ширгүрүч, куймак, тандыр гөш, быжы, олово, казы, чучук, жулма, пөстүрмө, шорпо гөш, кара курма, баш, бижи тартуу, кара курут, курут.

Суусундар: айран, кымыз, бозо, желдирме, курутап, максым. Акта айран, кымыран.

## Кийимдер:

Чапан, постун чепкен, ичик.
*Эркектерге:* борк, калпак, телпек,
шалбар, тери шымы.
өтүк,ултарма, масти.
*Аялдарга:* көйнөк, камзул, белдемчи.
ичик, мүрсөк, чапан,
калак, шөкүлө, бөрк.
Кызылөтүк масти Кавиш.

## ИЧКИЛИКТЕРДИН МАКАЛДАРЫ

Кызга кырк үйдөн тыюу.

Калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт.

Куш уяда көргөнүн кылат.

Аталуу жетим арсыз жетим.
Энелүү жетим эрке жетим.

Бир ооз жаман сөздөн
Бир муш тарткан авзал.

Жакшы сөз жан жыргалы,
Жаман дил арманы.

Жакшынын ыйманы жүзүндө
Жамандын ыйманы тилинде.

Адам болгонуңа кубанба
Адил болгонуңа кубан.

Өрүш толгон малын болгончо,
Өмүр шерик жарың болсун.

Жамандын жолунан жүрсөң дагы жугат,
Жакшынын жолунан жүрсөң намы жугар.

Энесин көрүп кызын ал,
Эшигин көрүп төрүнө өт.

Ат – адамдын канаты.

Куусаң жовга жетпесин.

Кышың тумандуу келсе,
Жазың эгинчил болот.

Атаң ыраазы кудай ыраазы.

Эне сүтүн актай бил,
Ата наркын барктай бил.

Кыздын кырк чачы улуу.

Тили азардан кудай безер.

Үйдөгү келиниң, жакшы болсун,

Сөзүң астанадан чыкпайт.

Жакшы кыздан рахат келер.
Жакшынын өмүрү узун,
Өлсө жакшылыгы калат.

Пул тапкычтан, эсеп тап,
Дан тапкычтан, баштык тап.

Ата көргөндү бала көрбөйт.

Алтын баштуу аялдан,
Бака баштуу эркек авла.

«Тегин билгени жакшы, тектүүлөр тегин билишет» деген макал бекеринен айтылбаган. Улуу санжырачы Балыгооздун тарыхый маалыматтар менен салыштырып аз болсо да чындыкка жакын экенине көзүм жетти, ушул санжыраны сиздерге сундум.



## УЛУУ ТООДОГУ ЭНЕ ШААР

Биз 2000-жылы Ош шаарынын 3000 жылдыгын майрамдалды. Ош шаарынын жашы 3000 же андан да ашыкпы деген суроолор ар бир адамды кызыктырбай койбойт. Кылым карыткан кыргызымдын астанасы Ош нече жашта? Биздин эрага чейин I кылымдын башында Давандын байтактысы Эрши шаары болчу, кийин Байтактыны Гуйшанга көчүрүшөт. Себеби борбордун чыгышка жылышы Давандын батышындагы Кушан мамлекетинин күчтөнүшүнөн чочуп борбор Гуйшанга көчүрүлөт. Гуйшан – Ош же «аздектелген тоо» – Сулайман тоо болушу этималдан алыс эмес. Же Ош болушу мүмкүн. Эне шаар Ошубуз жөнүндө көп эле саякатчылар, тарыхчылар ар кайсы доордо, ар түрдүү кызыктуу маалыматтарды жазып калтырышкан. Ошолордун бири Жамал Карши XIII кылымда минтип жазат: «Ош шаарынын жанында эки тоо болгон, Барак жана Ханиф. Эки тоонун этегинде же жанында Сулайман пайгамбардын (Ибн Дауддун) вазири Сахиби Асаф ибн Бурхаяндын бейити бар. Ошол жерге жерленген.Ал жер өтө ыйык тоо жер деп жазат. Ислам дининдеги элдер үчүн зиератах болуп эсептелет. Бул тоо үч миң жылдан илгери өткөн Сулайман пайгамбардын аты менен аталышы бекеринен айтылбаса керек. Бахшылар:

Суу башында Сулайман,
Суу аягы Түркестан,
Түркестанда Кожоахмат,
Кожоахматка ырахмат, –

деп сарнашат. Бул да кылым карыткан кыргызымдын ооздон-оозго калган санжырасы болсо керек. Экинчи Сулайман тоосу аталышы Карахандар Солусунун бири, Сулайманхан Арсланхан Билгитегин да Оштогу такка келип отуруп, эс алып кетчү. Бул жердин абасы таза, жери кооз болуп кайсыл гана хан-

дарды өзүнө тартпаган. Ал кан өткөндөн кийин Ибн (Элик Тегин) 1038-жылы хан болгон. Кашкардан Бухарага чейин бийлик жүргүзгөн. Бул Карахандар же улуу хандардын аттары, улуу тоо аты менен уйкаш. Сулайман тоо же Улуу тоо. Элик Тегин дин ысымы Азирети Каратоо өрөнүндө же Баткен районунун Ортобоз дахасындагы Аксайга кире берер жерде, оң кол жакта таш китеп жазылган. Бул таштагы жазуу Куфий кат менен бекитилген. Бул жазууну XIX кылымда Андреев изилдеген. 1904-жылы А. Половцев бул жазууну үйрөнүп чемелөөгө аракет кылды. Ушул эле жылы В.Бартольд жана Иностранцев бул жазууну окуп чечмелешти.

«Бул таш китеп 433-жылы Жумадыл Аввал шейшемби күнү битилди. Арслан Тегинге ушул Варух (же Аксай) тегереги корукканa кылынсын. Таза дарыя суулары, майда бадалдары, жайыттарынын көркөмдүгү, ушул сулуу өрөөндү жаратканга эсепсиз мактоо жана алкыштары болсун. 1041-милади жылы, 433 хизжрий жылы Жумадыл Аввал сешамба». Китеп алты катар жазуудан битик болуп бою 176, эни 322 см.



Ариптердин эни – 5, 6, чукурлугу 3,4 см. Тең, жылдар, кылымдар өтүп, ариптердин чети жемирилген. Сөздөрдү окуу өтө кыйын. Түндүк жактагы китеп 15–18 метр жайлашкан 18 катар. Экинчи жазуу өтө эскирип кеткен, окууга кыйын. Биринчи жазуу Арслан Тегинге арналганы анык. Арслан Тегин ким? Бул жөнүндө Карахандар авладиндин кенжеси Ил Арслан Илек Тегин болсо керек деген жыйынтыкка келдим. Улуу тоолордо аты кылымдар бою калган улуу кандар, дүйнөдөн өтүп кетсе да аттары кылым аша бизге чейин жетип келген. Мен ушул таштагы хан ким болушу мүмкүн деп көп издедим. Акыры ушул Иль Арслан Элик Тегин деген чечимге келдим. Бул Карахандар солусун кенжеси. Таштагы жазуудагы жылдар ушул канга туура келет. Сулайман тоосунун мындан 3000 жыл илгери эле Сулайман тоо аталуусун көөнө тарыхын дарек берет.

Ош шаары биздин эрага чейин II–VI кылымда пайда болгондугу, ким тарабынын курулганы анык эмес. Орто кылымдагы Улуу жибек жолундагы белгилүү шаарлардын бири болгон Даван, Фергана элиндеги үчүнчү орунду ээлеген. Шаар болуп, дубал (сепил) менен курчалган. Шаарга үч дарбаза аркылуу кирген. 1.Дарбазаи-ку; 2. Дарбазаи-Аб; 3. Дарбазаи Мугкеде. Шаар XIII кылымда Чыңгыз жапырыгында талкаланган. XIV кылымда Амир Темир хандыгына карап, кийинчерээк Могулстанга баш ийген XVII кылымга келип, Калмак баскынчылыгына дуушар болгон. 1762-жылы Кокон каны Эрдене бий басып алган. Ош аймагы болуп, Кокон кандыгына карап калган. XIX кылымга келип Николай паашалыгынын кол астында Ош уезди, вилаяты болгон. 1876-жылдан Фергана облустунун Ош уездинин борбору, 1924-жылдан округдук кантондук, 1930-жылы райондун, 1939-жылы облустун борбору болуп ушул мезгилге чейин келатат. Ош тургун жайы коло (бронзо) доорундагы архиологиялык эстеликтер

Сулайман тоосунун этегинен табылган Тургун жай тектирчеси 15 тургун тектирчеден, тирооч орнотуучу чуңкурлары бар. 14 жер там, адамдардын сөөгүнүн калдыгы, идиш-аяктары менен кошо көмүлгөн. Азык-түлүк сактоо үчүн 150 оро, карапа көзө идиштер, биздин эрага чейин 2000-жыл акыры же миң жылдын башы деп божомолдошот. Бул жерде улуу окумуштуу Заднепровский казуу иштерин жүргүзгөн. Ош шаарынын жашы 3000 жылга чамалап көргөзөт. Улуу акын тарыхчы, жазуучу моңолдор солусунун ханы Мырза Бабур «Бабырнамасында» мындай деп баяндайт: «Султан Махмуд Сулайман тоосуна бир хужра салды эди. Кийинчерээк мен 902-хижри жылда пешайвандуу хужра салдым. Ош авасы таза, гүлдөр мөмөлүү дарактары көп шаар. Шаар менен тоо арасында бир «Жав Эзе» атпуу мечит бар. Ак кардуу тоодон бир улук дарыя агар, мечитке жакын жерде бир «Мусапыркана» мейманкана бар. Шаарга келген мусапыр адамдар ошол жерде дем алып түнөп кетишет. Ошто ким күн чыкканча уктаса суу сээп ойготушат. Умар шайык доорунда кызыл, ак мармар алынып, бычакка сап жасалган. Ушундай авасы таза, жай Фергана өрөнүндө жок», – деп жазат Бабур мырза. Бабур мырза салган хужра 1989-жылы реставрация болуп кайра калыбына келтирилген. 1977-жылы түштүк Кыргызстан-элдик музейи ачылган. Нечен кылымдар өтсө да Ош шаары дагы эле көрктүү. Дале нечен кылымдар өтсө да Астана шаар Ош дагы эле көрктүү, дале таза, абасы кимдерди суктандырбайт. Алымдар, саякатчылар, падышалар Ошко ат башын бурбай кетпеген. Манас атабыз да Алтайдан келгенде Алоокенин ушул Даван элинен кууп чыгып, өз Ата Журтун тазалаган. Берегирээк теги улуу кандар да Ошту ыйык деп билген. Бабур мырза Индостанда туруп Ош, Анжиянды сагынганы, сагынып жүрүп дүйнөдөн өткөнү бизге белгилүү. Алимбек атабыз, Курманжандай кут түшкөн энебиз да Ошту ыйык деп билген.

Өмүрүнүн акырына чейин Ош деп жан күйдүргөн. Мен да эне шаар Ошума ыр саптарымды арнадым:

Атылкандай атылган,
Кандар өткөн Ошумда.
Ошпурбайдай жоо чапкан
Жандар өткөн Ошумда.
Сулаймандай сураган,
Дөө тилинин бураган.
Каратоодой савлати
Кандар өткөн Ошумда.
Теңир тоонун канышасы
Аялзаттын паашасы.
Жалпы түштүк даткасы.
Курманжандай энебиз
Бул да өткөн Ошумда.
Пайгамбарым дагы эле
Так үстүндө тургандай.
Кош башында өгүзү
«Өш!» дедирбей жүргөндөй.
Кызыр назар кылгандай,
Кыдыр жүргөн Ош шаарым.
Оомат сага жар болсун
Аалам канча турса да,
Эне шаарым бар болгун!
Ати лла-Атылкан.

## БАБЫР МЫРЗА БАТКЕН ЖЕРГЕСИНДЕ

Бабыр мырзаны Шейбани кан куугунтукка алганда Сох дарыясынын боюндагы Ушар айылына келип турат. Бул жердин элинин көбү сарт тажиктер болуп, Бабыр мырза тынчсызданат. Бул жерден кыштутка же кыргыздарга жол алат. Кыш түшүп, күн суутуп калган мезгил болчу. Эң жакын ишенимдүү кишилери, ички бектери менен тоо аралап, кыштутка жетет. Бир жагы Могулстан каны Жунус кандын небереси, бир жагы Темирийлер авлады, кан мырзаны нойгут эли кучак жая тосуп алышат. Бирөөгө

башпана бере турган заман эмес болчу. Ошентсе да нойгуттун бийлери, эл ардактаган кишилери тосуп чыгышты. Бабыр мырза сулуучадан келген, тегерек жүздүү, адептүү, балапан түгү кете элек боз улан болчу. Айыл аксакалдары менен амандашып сый-урмат көрсөткөнүнө, башын төмөн ийип, оң колун көксүнө алып, терең ыраазычылыгын билдирди. Нороото бий атайын тигилген 15 чакты боз үйдөн, өзгөчө жасалган ортоңку үйгө Бабыр мырзаны баштады. Бул кутмандуу айылда мырза 6 ай турду. Бул алты ай мырза үчүн кылымга тең. Себеби Шейбани кандын тыңчылары күн сайын айылдарды кыдырып элди көрбөгөн азаптарга салды. Нойгуттар өзүнүн ысык кучагында ушундай улуу инсанды бир кыш сактады. Жаз келери менен Бабыр мырза жаңыдан кол курап, Самарканды алууга аттанды. Бабырнамада Кыштуттагы жергиликтүү элге же нойгуттарга өмүр бою ыраазычылык айтып кетет. Бир элдин мейман достугу, сыпаалыгы, айкөлдүгү, ушундай тапкыс кыйын күндө гана сыналат. Азыркы мезгилде деле ошол Бабыр мырзанын койнуна каткан мейман дос элдин урпактары, Баткен районундагы Кыштут айылында жашашат.

Бабыр мырза жөнүндө дагы бир ырываят. Лейлектеги Бабыр айылы. Айылдын четинде Бабыр мырза турган үңкүр бар. Бул аймактагы элдер ушул жерди ыйык жер деп билишет. Жогорудагы көөнөт тарыхты көрсөң, уксаң кыргыз деген эл кандай айкөл эл. Бабыр мырза эмнеге кыргыздарды жакын көрүп, эш тарткан? Бул али жомок. Анын бир жак авлади кыргыз болуп жүрбөсүн? – деген ой мага тынчтык бербейт. Бабыр мырза Индостанга ооп кеткенде аны менен Тагай, Актөөчү, кушчу жана ички бектер же «ичкиликтер» кошо кеткен. Эң акыркы күчүн ичкиликтерден, сырдын берки өйүзүнөн жыйнаган. Бул жерде терең сыр бардай көрүнөт. Баш пана издегенде да мырзаны ичкиликтер өз канатына катып, каардуу Шейбанинин чеңгелинен куткарып, Индус-

танга бирге кетишкен. Ал жерде Бабурилер 300 жыл бийлик жүргүзүп, эки диндеги элди башкарган. Акыркы кан Сиражидин Бахадур канды англичандар тактан түшүргөн. Алиге чейин Индустанда сарт кыпчак же ичкиликтер бар дешет. Улуу акындын теги чын эле кыргызга байланышабы? Бул али табышмак. Балким, табылып калышы мүмкүн.

## БААТЫР САКТИЯН АЯЛДАРЫ

VII кылымдын акыры VIII кылымдын башында араптар жапырылып Орто Азияга келе баштады. Сырдын берки өйүзү Каратоо өрөөнүнүн эли бейкут жашоодо. Тоо арасындагы элдер жоо тие берип, өздөрүн кокту-колотко тараткан. Түрк же сактиян аттамысын алган уруулардын аялдары атта шамалдай желип, ары эпчил, ары бышык болчу. Сакты айымдары үй тиричилиги, мал багуу, отун алуу, бийик аскаларга чыгуу алар үчүн демейдегидей иш. Аркан таштап ат үстүндөгү жоону одара тартуу, эки аска арасына тездик менен чыгып таш кулатуу, кыскасы, коргонуу жагынан алардан мыкты жок болчу. Бычакты таамай атуу, болжогон жерге ченчу, өзүн үй-бүлөсүн коргоо, алардын алдына койгон күндөлүк милдети. Душмандын артынан келип, шырп алдырбай тор таштоо жагында да көз ачып жумганча аткарган. Сыр бою, Каратоо элине Имани Кутбейбанинин колу келгенде катуу каршылыкка жолукту. Бул өрөөндөрдөн тоо арасынын эли Тиштырнагы менен каршылашты. Тоо арасындагы айылдарда миңдеген ак сөөктөр жан берди. Бирок сансыз колго бардаш берүү аз эл үчүн көп кыйынчылыкты алып келди. Акыркы сактылар бийик тоолорго, муз төрлөргө сиңип, түн жамына араптарга кыргындай тийчү кыш келип, бала-чака менен тоодо жүрүү сактылар үчүн кыйындады. Акыры эл баш ийүүгө аргасыз болушту. Ошондо ырайымсыз имамдар эркек киндиктүүлөрдө кылычтан өткөрү-

шүп жалаң аялзатын калтырды. Ирандан келген жоокерлерине сактиян аялдарын никелеп беришти, ошондо да баатыр энелерибиз ирандык күйөөлөрдү өлтүрө баштады. Аргасыздан араптар үйдү жакын курууну буйрушту. Себеби эрлерин кокус өлтүрсө дубалдан бир бирине кабарлашат, деген ойго барышып, Ирандыктар жана сактияндардын никелешүүсүнөн азыркы (тази) тээжик атамасы чыккан. Тажик айылдары деле көчөсү тар, үйлөрүнүн дубалы бирибирине тийип турат. Аялдары кайраттуу, ушул күндө деле алыскы баатыр түрк энелеринин туруктуулугу, чечкиндүүлүгү, баатырдыгы калгандай. Сыр боюндагы тээжик этносу ошолордон калган. Бадахшан, Гиссар жактагылар Авган, Иранга жакын болуп, уруу элдери Иран, пуштундарга аралашып, парсыларга жакын. Бабажан Гафуровдун «Таджики» деген китебинде тажик атамасы IX кылымдан кийин аталганын айтып кетет.

Демек, менин айтайын деген оюм ошол түрк сагдияндар менен Иран бирикмесинен «тази» Тээчик атамасы келип чыккан. Кыргыздарга тээжик же тээчик деген сөз эч кимдин сөзүн албаган, өз бет алды менен иш туткан кишини айтышат. Азыркы тээжиктердин, айрыкча аялдарынын мамилелери, тырышчаактыгы, кара мээнетке бышыктыгы чын эле сактиян энелеринин пейилдерине окшоп кетет. Тажиктердин же Сыр боюндагы тажиктердин тили, Иран жана түркий тилдеринин аралашынан чыккандай. Көп сөздөрү жакын: паста-пойнда, жүргүлө-жүртөн, орток-урток, сыйыр-сигир, бычак-пичок, дагы толуп жаткан сөздөрүн мисал келтирсек болот.

Ата-бабалар сөзү кылымдар өтсө деле эстеринен чыкпаган. Тажик эли ошол бир беткей жоокер сактиян аялдарынан таркалган. Түркий элдерге жакындыгы бар сыяктуу. Тарых даректерине көз жүгүртсөк чын эле болгондой. Жогорудагы аныктамаларга таянып тажиктер (тээжик) сактияндардан келип чыгышы этимолдон алыс эмес.

## АЛБАХИЛИ ӨРӨӨНҮ

Албахили өрөөнү Баткен чөлкөмүндө жайгашкан. Баткендин түштүк, батыш тарабында. Кык тоосу бар. Анын бери жагында Эчкичиликтин тоосу, Жакып өрөөнү, хан Жакыптын дарбазасы, Байдын тагы, жайлоосу, кыскасы чыгыштан батышка карай созулган кырка тоолор жатат.

Араптардын Орто Азияга келүүсүнө байланыштуу, же Ислам динин алып келген Улуу имам Кутайбимуслим менен тыгыз байланышат. Бир жагы улуу Манас атанын ата-бабаларынын ысымы менен аталып келген жерлер ушул өрөөндө. Бул өрөөнгө эки жол барат. Биринчиси Исфара, Аксай, Ворух жактан келген чоң шоссе. Экинчиси, Карабулак, Алмалы, Каракөл тараптан баруучу ат жолу уркуйган салабаттуу тоолор, жыш өскөн арчалуу токойлор көргөндү өзүнө тартпай койбойт.

Кыхта орто кылымда эң кыйын жоокер ата-бабаларыбыз жашаган, көөнө татых дарек берет. Араптар келгенде Имами Кутейби Муслимдин күчтүү колуна катуу каршылык көрсөтүшүп, негизги ак сөөк сахабаларды ушул өрөөндө кырышат. Бул өрөөн жөнүндө акын Ибн Жумани Албахили У Балазури эң сонун ыры менен баяндайт.

Бул өрөөн араптардын эсинен чыккыс окуя болсо керек. Өгүздүн терисинен иштелген, картага так түшүрүшөт. Араптар мечит, медресе жана башка турак жай имараттарын курушат. Ыйык ак сөөктөрдүн сөөгүн ушул жерге жерлешет. Бул өрөөн араптар үчүн өтө ыйык, кымбат жер болуп эсептелет.

715-жылы Кутайби б муслимди, көтөрүлүшкө чыккан өз колу өлтүрөт. Сөөгү Желекудук жергесинде калат. Улуу тарыхчы Жамал Каршы, Кулидж деген жерде деп бир аз жаңылышат. Араптар же Кык же Исама б Абдалаха ал-Бахили өрөөнүн шыр зыярат кылуу үчүн ООНго кайрылышат. ООНдун атайын уруксатын алышат. Жакынкы эле жылдарда

араптар Роза Отунбаева менен бирге келип, зыярат кылып кетишет.

Айтылуу өрөөн жөнүндө дагы бир маанилүү жагы, кан Шырдактын ордосу болгонун карыялар айтышат. Авголдоку (сепил) коргонду да, эл хан Шырдактын ысмы менен тыгыз байланыштырат. Дегинкиси, биздин эрада, биздин эрага чейинки улуу аталардын эстеликтери Мык көрүстөндөрү Каратоо өңүрүндө – Баткен чөлкөмүндө көп кездешет.

Ош шаарынын 3000 жылын белгилөө арапасында турабыз. Жергебиздин көөнө тарыхын козгоо улуу ата-бабаларыбыздын рухун шат кылуу дегени. Өткөн аталардын рухун козгоп, аттарын тилге алсак, алар эмес келечек муундарыбыз да, алкыш айтары турган кеп.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

**Моногаров С.М.** «Страны народов востока». Памир, 1975, с. 178

**Ал-Истохоры.** «Китоб масалик маллик» Деревный рукопись фондох отд.общество АН Кир. ССР. ИКУ.№1820 с. 21–24.

**Мухаммед Кожиб Бекрен.** «Жохен Кома».

**Үсөн М.** «Исседондор» Ош, 1996-жыл.

**Маанаев М, Плосских В.** Под редакции док. ис. Наук Н.А.Колфина «На крыше мира» 1983 г.

**Гаруров Б.** Тоджики. «Кн.1. 1989, 384-бет. «Ирфон».

**Кыргыз санжырасы.** Бишкек, 1991-жыл.

**Сол канат кыргыз.** Бишкек, 1995-жыл.

## Мазмуну


Алгы сөз ........ 3
Тарых барактарында ........ 7
Байтеиттин беш уулунун баяны ........ 19
Сүрүнчөк баяны ........ 24
Байтеиттин балдары ........ 25
Бахмал заамындык чапандар ........ 29
Байыркы кыргыз санжырасы ........ 32
Ичкиликтердин макалдары ........ 39
Улуу тоодогу эне шаар ........ 41
Бабыр мырза Баткен жергесинде ........ 45
Баатыр Сактиян аялдары ........ 47
Албахили өрөөнү ........ 49

*Адабий-көркөм басылма*

**Мусурманова Майрам Жоош кызы**

КАРАТООЛУК КЫРГЫЗДАР

*Санжыра*

**Экинчи китеп**

(Кыргыз тилинде)

Редактору *Ж. Теңирбергенова*
Тех. редактору *Ж. Сооронкулова*
Мукабасын иштеп чыккан *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Н. Жуманалиев*

Басууга кол коюлду 15.06.07. кол коюлду.
Форматы 84x108 $^1/_{32}$ Офсеттик кагаз, офсеттик басуу.
Көлөмү 3,25 б.т. Заказ №.21 Нускасы 1000 даана.
Келишим баада.

«Бийиктик» басмасы
720040. Бишкек шаары,
Киев көчөсү 77, Тел. 66-76-58



1940-жылы Каратоо өрөнүнүн Баткен чөлкөмүнүн Көкташ айылында туулган. Жалалабат педагогикалык окуу жайын бүтүргөн. Өзүбекстандын Сырдарыя областында эмгек тенген.

2001-жылы Сарыөзөн Чүйгө көчүп келген. Кыргыз тилинде «Сагыныч ырлары», «Каратоолук кыргыздар» аттуу китеби чыккан.

«Эмгек ардагери», «Эмгектеги артыкчылыгы» медалы, «Дуслик» ордени менен сыйланган.

